**Каримова Кундузхан Усоновнанын «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» темасында 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий оппонент социология илимдеринин доктору, профессор Нурова Саида Сулеймановнанын**

## СЫН-ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланыштуулугу.**

Диссертациялык эмгекте азыркы мезгилдин орчундуу маселесин камтыган терең изилдөө жүргүзүлгөндүгүн белгилеп кетүү керек. 2016-жылдан баштап саясый, экономикалык, социалдык-маданий чөйрөлөрдө өзгөрүү процесси жүрүп, коомдун баардык чөйрөлөрүндө оң жана терс кубулуштар кездешүүдө. Жаңылануунун негизинде коомдо демократиянын кабылданышы, базарият экономикасынын жолуна түшүү, өндүрүштүк ишканалардын жабылып калышы, жумушсуздук, жашоо минимумунун төмөндөшүнө, маргиналдардын пайда болушуна, ички жана тышкы миграциянын күчөшүнө, жашоо сапатынын жана деңгээлинин өзгөрүшүнө алып келди.

Каримова Кундузхан белгилегендей, биздин коом башынан кечирип жаткан экономикалык кыйынчылыктар өлкөдөгү социалдык-экономикалык жана саясий-укуктук кырдаалды курчуткан, кеңири кулач жайган кылмыштуулук өспүрүмдөр арасында, массалык аң-сезимде терс чагылдырылып, тийиштүү баалуулук багыттарын калыптандырып, бекемдеп жатат. Парадоксалдуу кырдаал түзүлдү, бир жагынан, радикалдуу реформалардын бүткүл жүрүшү, аларды жүзөгө ашырууга жарандардын жигердүү катышуусун талап кылса, экинчи жагынан, аларды жүзөгө ашыруунун өзгөчөлүктөрү олуттуу тоскоолдук фактор катары иш алып

КИРИШ № ДК-46-20
« 1 » 20 21 ж.

барган деликвенттик жүрүм-турумдун, айрыкча, укук бузуулардын жайылышына алып келди.

Деликвенттик жүрүм-турумдун заманбап кыргыз коомчулугунда кеңири жайылышы адамдардын турмушунун бардык чөйрөлөрүнө таасирин тийгизет жана алардын жашоо образындагы өзгөрүүлөрдө, баалуулук багыттарынын жана социалдык мамилелердин калыптануусунда, ошондой эле укуктук жана моралдык ченемдердин бузулушун билдирет.

**2. Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарынын чегиндеги илимий натыйжалары.**

Каримова Кундузхан Усоновнанын диссертациялык ишинде өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумун изилдөө үчүн маанилүү концептуалдык – методологиялык илимий негиздеги төмөнкү натыйжалар алынган.

Натыйжа 1. Кыргызстанда жаңы пайда болгон социалдык-экономикалык кырдаалга байланыштуу өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумга дуушар болуунун себептерине илимий талдоого жүргүзгөн.

Натыйжа 2. Жашы жетпегендердин арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча институттардын социалдык механизмдерин илимий изилдөөгө алган.

Натыйжа 3. Өспүрүмдөр арасында деликвенттик жана девианттык жүрүм-турумун социологиялык талдоонун негизинде илимий аныктоолорду ачып берген.

Натыйжа 4. Өспүрүмдөрдү адаптациялоо жана дезадаптациялоо процессиндеги көйгөйлөр аныкталды.

Натыйжа 5. Үй-бүлөдө өспүрүмдөрдүн социалдашуу процессиндеги кыйынчылыктары жана балдарды тарбиялоодогу ыкмалар каралды.

Натыйжа 6. Жашы жете элек өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумдарын алдын алуу боюнча иш чараларды көрүү жана келечек багыттары иштелип чыкты.

**3. Диссертациядагы алынган илимий жаңылыктардын, корутундулардын негиздүүлүгү жана дааналыгы.**

Бул диссертацияда илимий социологиялык деңгээлде кыргыз коомундагы өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумдары талданган, ааламдаштыруу шартында анын себептери, карама-каршылыктары аныкталган. Бул болсо социология илими үчүн киргизилген чоң жаңылык.

Илимий жаңылыктардын биринчиси, диссертанттын белгилөөсү боюнча, өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумуна таасир этүүчү фактору болуп өспүрүмдөрдүн социалдашуусунун негизги институттары - үй-бүлө, мектеп, эс алуу чөйрөсү, эмгек дүйнөсү бүгүнкү күндө кризиске кептелгенин көрсөткөн. Айрыкча, жүрүм-турумдун делинкенттик жана криминалдык моделдерин өспүрүм чөйрөсүнө которгон ММКнын натыйжасыз таасирин белгилеп кеткен.

Экинчи илимий жаңылык, менимче жашы жете элек өспүрүмдөрдүн укук бузууларына байланыштуу социалдык көзөмөл калыбына келтирүүчү сот адилеттигинин артыкчылыктарына негизделиши керек, жашы жете элек өспүрүмдөрдүн тарбиялоо технологияларын колдонуу аркылуу. Коомдук көзөмөлдүн заманбап тутуму өспүрүмдөр арасындагы укук бузуунун көрүнүшүнө коомдун катаал реакциясын жоготушу керек, натыйжада биринчи жолу кылмыш жасаган өспүрүм коомдон обочолонууга байланышкан чектөөлөргө дуушар болбогудай кылып.

Үчүнчү жаңылык, өспүрүмдүн коомго эрте реабилитацияланышын жана реинтеграцияланышын шарттаган альтернативдүү чаралардын тутумун иштеп чыгуу зарыл. Делинквенттик жүрүм-турумдан арылууда профилактикалык чараларды өспүрүмдөргө медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүү менен айкалыштыруу зарыл экендигин аныктаган.

Төртүнчү жаңылык, деликвенттик жүрүм-турумдагы өспүрүмдөрдүн санынын көбөйүшүн алдын алуу боюнча чараларды көрүү мамлекеттик стратегиялык көз караштарды өзгөртүү менен коштолушу керек. Себеби, ички

жана тышкы мигранттардын, жаш үй-бүлөлөргө коом жана мамлекет тарабынан катуу көзөмөлгө алуу, үй-бүлө институтун бекемдөө боюнча массалык маалымат каражаттары аркылуу пропагандаларды жүргүзүү, энелерди баладан ажыратпоо мыйзамдарын иштеп чыгуу керектигин аныктаган.

Мына ушулардын баардыгы менен баамдоом боюнча Кыргыз социологиясына диссертанттын кошкон чоң салымы деп эсептейм дагы, автор социология илиминин кандидатына татыктуу.

**4. Диссертациялык иштеги ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык деңгээли.**

Натыйжа 1. Жаңы, анткени Ата-мекендик социологияда буга чейин кыргыз тилинде «өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-туруму» түшүнүгүнүн маңызы, анын негизги илимий түшүнүктөрү, ага болгон негизги илимий мамилелер жана концепциялар талданган эмес.

Натыйжа 2. Жаңы, себеби биринчи жолу девианттык жана деликвенттик жүрүм-турумдагы өспүрүмдөргө социалдык институттардын таасири талдоого алынган.

Натыйжа 3. Кандайдыр бир деңгээлде жаңы, анткени өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумун алдын алуу боюнча тоскоол кыла турган негизги маселелер каралган.

Натыйжа 4. Жаңы, автордук социологиялык изилдөөлөрдүн жаңы эмпирикалык, статистикалык материалдардын негизинде өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумуна түрткү болгон себептер көрсөтүлгөн.

Натыйжа 5. Жарым-жартылай жаңы, анткени өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумун аныктоо үчүн келечектүү багыттар иштелип чыккан.

**5. Диссертациядагы агынган натыйжалардын ички биримдигин баалоо.**

К.У. Каримованын диссертациялык эмгегиндеги өспүрүмдөрдүн деликвенттик жүрүм-турумун комплекстүү изилденген чыккан изилдөө болуп саналат.

Акыркы мезгилде өзүбүз күбө болуп жаткандай эле өспүрүмдөрдүн арасында жогорку криминалдык чөйрөгө айланып баратканы ачыктан-ачык көрсөтүлгөн.

Ушул көйгөйлөрдү чечүү үчүн диссертант Каримова К.У. өткөөл мезгилдеги тобокел топторуна кирген өспүрүмдөрдүн топторун ачып көрсөтүп жана илимий сунуштарды иштеп чыгуу менен диссертациялык эмгек толугу менен максатына жетти десе болот.

Өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишин оптималдаштырууда, өспүрүмдөрдүн жигердүүлүгүн жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алат.

Диссертациялык эмгектин натыйжаларынын биримдиги биринчилерден болуп изилденген эмгек десек жаңылышпайбыз.

**6. Изилдөөчүнүн алган натыйжаларынын тиешелүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы.**

Автор тарабынан 2016-жылдан баштап изденүүчүнүн демилгесинде социологиялык изилдөөлөргө илимий анализ жасалып, 2020-жылы автор өзү тарабынан социологиялык изилдөө жүргүзгөн. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонууну талаптандырды. Алсак, документтерди анализдөө, статистикалык маалыматтар, тема боюнча чагылдырылган илимий эмгектер талданды. Кокустук ыкма менен 400 респондент он-лайн (интернет аркылуу-google forme программмасы) тарабынан сурамжыланды. Практика жүзүндө кокустук ыкма аркылуу сурамжылоо жүргүзүүдө 400 респондент репрезентативдүүлүктү тастыктайт, себеби тандаманын бирден бир ишенимдүү түрү экени далилденген. Он-лайн сурамжылоого 14 жаштан 17 жашка чейинки өспүрүмдөр кирген. Алардын

47,4 % кыздар жана 52,6 % эркек өспүрүм курактагылар катышты. Улуту боюнча: 18 % - орустар, 26 % - өзбек улутундагылар жана 56 % - кыргыздар.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана жыйынтыктарынын жарыяланышын ырастоо.**

Диссертациялык иштин негизги жоболору, натыйжалары алдынкы илимий журналдарда басылып чыккан илимий макалалар, диссертациялык эмгектин темасына айкалышат жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын талаптагыдай апробацияланганын тастыктайт. Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары 2015-жылдан тартып илимий эмгектерде чагылдырылган, анын ичинен 5 чет элдик басылмаларда жарыяланган. Диссертациянын негизги жоболору жана жыйынтыктары 13 илимий эмгекте толук чагылдырылган.

**8. Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациялык эмгектин мазмуунун чагылдырганы аныкталып турат. Алынган жыйынтыктардын келечекте деликвенттик жүрүм-турумдагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, мындан аркы өспүрүмдөр, жетимдер менен иш алып барууда, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Ушунун негизинде окуу куралдарды, дарстарды, семинардык сабактарды даярдоодо практикалык маалыматтар катары колодонулушу мүмкүн.

**9. Диссертациялык иштин мазмууну жана жазылышы боюнча кемчиликтери.**

Үчүнчү бапта келечектүү максаттарды ишке ашыра турган маселелер жетиштүү түрдө каралбай калгансыйт. Диссертациялык изилдөөдө айрым техникалык мүчүлүштүктөр кездешет. Бирок, бул сын-пикирлер келечектеги илимий иштерде эске алынат деген ишеничтемин.

**10. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына туура келиши.**

Диссертациялык эмгек толугу менен ЖАКнын койгон талаптарына жооп берет. Диссертациянын автору Каримова Кундузхан Усоновна 22.00.04. – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Өспүрүмдөрдүн деликвенттүү жүрүм-туруму: социологиялык талдоо» деген темада жазган диссертациясы социология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражасын алууга толук арзыйт.

**Социология илимдеринин доктору,**

**профессор** **Нурова С.С.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«12» 03 2021 ж.